КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ
ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК
КОМИССИЯСЫ
НООКАТ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО
КОМИССИЯСЫ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО
ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ
РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ
РЕСПУБЛИКИ
НООКАТСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

Ноокат шаары, Ленин көчөсү №7
Тел: +9996 (3230) 5-11-41
e-mail: adm27@shailoo.gov.kg

г.Ноокат, ул. Ленина №7
тел: 996 (3230) 5-11-41
e-mail: adm27@shailoo.gov.kg

**Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын отурумунун**
**№ 26 чечими**

**Ноокат шаары** **20.04. 2021-ж.**
**Катышкандар: 8**
**Катышпагандар ,себепсиз : 4**
М.Жусубалиева, С.Исраилова,М.Пахрединов, Т.Молдобаев
**Ноокат ашк нын торагасы:** А.Байдөөлөтов.

**Мучолору:** Ш.Мамашерова. К.Н. Ошурбакиева. Р.Юлдашов . М.Назаралиев. Р.Саттарова,А.Осмоналиев, З.Каимова

## Күн тартибиндеги маселелер:

1. "Клоп Медиянын" билдирүүлөрү боюнча Ноокат АШКнын маалыматтары.

1.**№5413** шайлоо участкасында АСУ аппараты иштебей калып, ошол учурда шайлоочулар шаштыргандыктан 2 (эки) бюллетендин бетин (жазуу жагын) ылдый каратып каробкага салып турган. Качан АСУ аппаратын техникалык тейлөө кызматкерлери оңдогондон кийин эки бюллетенди АСУ аппартына салган жана акт түзүлгөн.

2.**№5382** шайлоо участкасында 2021 – жыл 11 – апрель күнү саат 20:00дө АСУ аппараты иштебей калып, аны техникалык топ саат 20:35те оңдогондон кийин жыйынтык чыгарышкан. Ошол учурда талапкерлер менен байкоочулар кол менен эсептөөнү күтпөй шашып кетип калышкан. Ага чейин участканын төрагасы кол менен эсептөөнү сунуш кылган,бирок эч ким калган эмес.2021 – жылдын 13 – апрелинде талапкерлер АСУаппаратына күмөндөрү бар экенин айтышып, кайра саноону талап кылышып,арыз менен АШКга кайрылышкан. Ал арызды АШК БШКга билдирүүсү менен БШКдан А.Т.Асаналиев келип УШКнын , АШКнын толук курамы жана талапкерлердин катышуусунда 2021 – жылдын 14 – апрелинде бюллетендерди кайра кол менен саноо жүргүзүлдү. Бюллетендерди кайра саноонун натыйжасында 6 (алты) добуш айырмачылык болду. Келип чыккан шайлоонун жыйынтыгына талапкерлер макул болушту.Анын негизинде протокол толтурулуп, акт түзүлдү.

3.**№5381** шайлоо участкасында АСУ аппараты бюллетенди кабыл албай, он минутада техникалык тейлөө топ АСУ аппаратын оңдошкон жана ал боюнча акт түзүлгөн.

4.**№5384** шайлоо участкасында кабинада эки адам тургандыгы билдирилген. Кабинага инсульт алган Сабыржанова Майрамкан менен баласы Сабыржанов Мыктыбек бирге киришкен.Сабыржанованын колу жарабагандыгынан баласы жардам берген, акт түзүлгөн. Шайлоо участкасынын төрагасынан түшүнүк кат алынды.

5. **№5411** шайлоо участкасынын шайлоо мүчөсү урнанын жанында турган. Добуш берүүчү кабинада бир нече адам болгондугу айтылган билдирүүдө урнанын жанында АСУ оператору турган. Кабинанын жанында көп адам болгон эместиги такталып,ал боюнча акт түзүлгөн.

6. **№5527** шайлоо участкасында АСУ пломбаланган эмес деп билдирилген. Бул маалымат туура эмес. АСУ инструкция боюнча пломбалангандыгы аныкталды.

7. **№ 5399** шайлоо участкасында добуш берүүчү жайдан сырткары добуш берүү үчүн 3 (үч)адам арыз берген, 2021 – жылдын 10 – апрелинде шайлоо участкасынын мүчөлөрү байкоочулар менен бирге барышканда экөө добуш берип,бирөө үйүндө жок болгон. Референдумга добуш бергендерди кол менен санагандан макул – 504 болгон, акт түзүлгөн, участканын төрагасынын жазган түшүнүк каты тиркелет.

8. **№5562** шайлоо участкасында Клооп медианын билдирүүсү боюнча жокко чыгарылган бюллетендердин саны -23. Кол менен санагандын жыйынтыгында -259.

Жогорудагылардын негизинде, "Клооп Медиа" коомдук фондунун маалыматтарында көрсөтүлгөн техникалык кемчиликтер добуш берүүнүн жыйынтыгына таасир этпегендигине байланыштуу, №5413, №5382 , №5381, №5384, №5411, №5413 , №5527, №5399, №5562 шайлоо комиссиясынын төрагаларына чара көрүү сунушунан баш тартылсын деген сунушту добушка коём. Сунуш добушка салынды:

**Макул: 8(сегиз)** **Каршы: жок**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Ноокат АШКсы күн тартибиндеги маселени талкуулап**
**Чечим кылат.**

1."Клооп Медиа" коомдук фондунун маалыматтарында көрсөтүлгөн техникалык кемчиликтер добуш берүүнүн жыйынтыгына таасир этпегендигине байланыштуу №5413, №5382 , №5381, №5384, №5411, №5413 , №5527, №5399, №5562 шайлоо комиссиясынын төрагаларына чара көрүү сунушунан баш тартылсын.

2 . Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирилсин.

3. Ушул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат АШКнын катчысы М.Назаралиевге милдеттендирилсин.

**Ноокат АШКсынын торагасы:** **А.Байдөөлөтов**
**Катчысы:** **М.Назаралиев**